*Приложение 1*

# Mastercard карта ээлеринин кардарлары үчүн "Будапешттеги УЕФА финалына сиздин билетиңиз" акциясы

**1. Глоссарий:**

**1.1. Карт эсеби** – Банк тарабынан Кардар үчүн АБС жана РБС, системасында ачылган банк эсеби Банктын кардары картаны колдонуу менен башкарат

**1.2.** Каражаттар карта эсебине чегерилет жана андан ары кийинки чыгымдарга картаны колдонот.

**1.3. Транзакция** – банк эсебиндеги акча каражаттарынын кыймылына байланыштуу операция.

**2. Жалпы жоболор**

**2.1.** Учурдагы жарнамалык Акция стимулдаштыруу лотерея эмес жана кардарлар арасында Mastercard төлөм карталарын колдонууну жайылтууга багытталган.

**2.2.** Жеңүүчү ушул Эрежелерде көрсөтүлгөн шарттардын аткарылышына жараша аныкталат. Жеңүүчүнү аныктоодо кокустук принциби алынып салынат (жеңүүчүнү кокустук тандоону ишке ашырган алгоритмди колдонуу) .

**2.3.** Акциянын уюштуруучусу «Элдик Банк» ААК жана Mastercard Europe SA.

**1. Акциянын максаты:**

**1.1.** "Элдик Банк" ААК чыгарган Mastercard төлөм карталарын колдонуу менен накталай эмес төлөмдөрдү жүргүзүүгө кардарларды тартуу жана шыктандыруу.

**1.2.** Mastercard төлөм карталарын колдонуу менен накталай эмес төлөмдөрдүн көлөмүн көбөйтүү.

**2. Акцияны өткөрүү мөөнөтү:** Негизги этап 20.02.2026ж.-13.04.2026ж.

**3. Акциянын катышуучулары**

Жеке жактар –акция мезгилинде «Элдик Банк» ААК тарабынан чыгарылган Mastercard карталары менен накталай эмес операцияларды жүргүзгөн 18 жашка толгон Кыргыз Республикасынын жарандары.

**4. Акцияга катышуунун тартиби**

**4.1.** Акцияга катышуу үчүн Катышуучу товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн накталай эмес төлөмдөрдү, анын ичинде «Элдик Банк» ААКсы тарабынан чыгарылган Mastercard карталарын пайдалануу менен интернет төлөмдөрдү бардык акциянын бүткүл мезгилинин ичинде каалаган валютада жүргүзүүсү керек.

**4.2.** ТСП түзмөктөрүндө жана интернет-дүкөндөрдө ийгиликтүү жүргүзүлгөн жана жокко чыгарылбаган накталай эмес операциялар эсептөөгө кабыл алынат.

**4.3.** Төмөнкү операциялар Акцияга катышууга жараксыз деп эсептелинет:

- карт эсебине акча каражаттарын алуу/толуктоо(салуу)
- банктын кассасында кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөө, Eldik мобилдик/интернет-банкингиндеги төлөмдөр жана которуулар, Банктын банкоматтары жана кассалык аппараттарында.

- суммаларды атайылап бөлүштүрүү, мисалы: бир соода- тейлөө ишканасында 30 мүнөттүн ичинде бир эле соода түйүнүндө катары менен бир нече (1ден ашык) операциялар ж.б.
- Бөлүнгөн учурда бул транзакциялар төлөмдөргө карабастан 1 транзакция катары эсепке алынат
- бир соода- тейлөө ишканасында күнүнө 5тен ашык транзакцияларды жүргүзүү
- Кандай гана формада болбосун QR- код колдонуу менен операциялар (төлөмдөр, которуулар ж.б.)
- Күнүнө бир эле алуучуга 5тен ашык MoneySend которууну жүргүзүү.

5. **<u>Жеңүүчүлөрдү аныктоонун шарттары:</u>**

**5.1.** Жеңүүчү негизги этапта аныкталат:

➢ Топтолгон упайлардын максималдуу упайына жараша. Негизги байге утушунун алкагында Акция мезгилинде бир карт эсебинде ишке ашырылган «Элдик Банк» ААК МС картасы боюнча транзакция операциялары үчүн упайларды кошуу системасы колдонулат, мында бүткүл мезгил үчүн транзакциялардын минималдуу жалпы суммасы 50 000 сомдон кем эмес болушу керек. Акциянын негизги этабынын жеңүүчүсү бир гана катышуучу боло алат.

Упайларды чегерүү системасы:

- POS-терминалдарда МС жеке карта менен төлөмдөр – 1 упай
- E-com – 2 упай
- MoneySend которуулар – 3 упай

Упайларды чегерүү эрежелери:

- 500 сомдон ашык транзакция
- Бир POS терминалда күнүнө 5 транзакциядан ашык эмес

6. **Mastercard акциясынын байге фонду:**

| | **Байге** | **Саны** |
|---|---|---|
| Негизги байге | Будапештте УЕФАнын финалына эки кишилик тур | 1 |
| Кызыктыруучу сыйлыктар | Mastercard жана UEFA брендинги менен белек топтомдору | 8 |

9. **<u>Кошумча шарттар:</u>**

9.1. Банк кызматкерлери жана алардын жакын туугандары (ата-энеси, жубайлары, балдары) Акцияга катыша албайт;

9.2. Участие в Акции и согласие с ее условиями, подтверждается выполнением Участником п.п. 4, 5, 6, 7 настоящих правил Акцияга катышуу жана анын шарттарына макулдашуусу Катышуучунун ушул эрежелердин 4, 5, 6 жана 7-пункттарын сактоосу менен тастыкталат

9.3. Эгерде которуулардын максималдуу саны эки кардар үчүн бирдей болсо, анда жеңүүчү болуп накталай эмес төлөмдөрдүн максималдуу көлөмү бар кардар табылат.
9.4. Mastercard картасын колдонгон мурунку Акциялардын жеңүүчүлөрү Акцияга катыша албайт.
9.5. Жеңүүчү жана анын шериги өз алдынча Европага Шенген визасын алышы керек.
9.6. Жеңүүчү жана анын шериги 18 жаштан жогору болушу керек
9.7. Жеңүүчүлөр байгелерди алууга байланыштуу транспорттук жана башка чыгымдарды өздөрү төлөшөт.
9.8. Байгелерди алуу менен байланышкан салыктык чегерүүлөрдү Акциянын Уюштуруучусу көтөрөт.

**10. <u>Жеңүүчүлөрдү аныктоонун жыйынтыгы:</u>**

10.1. Жеңүүчүлөрдү аныктоо үчүн комиссия түзүлөт
10.2. Акциянын жеңүүчүлөрүнүн тизмеси жыйналыштын протоколу менен бекитилет.
10.3. Комиссия бир тараптуу тартипте төмөнкү чечимдердин бирин кабыл ала алат:

- Акциянын шарттарына толуктоолорду же өзгөртүүлөрдү киргизүү
- Белгилүү бир мөөнөткө токтотуу же Акцияны бүтүндөй Банк үчүн же конкреттүү материалдар үчүн кандайдыр бир жагдайлардан улам токтотуу.

10.4. Акциянын негизги жана аралык жеңүүчүлөрү жөнүндө маалымат Банктын www.eldik.kg. сайтында жайгаштырылат.
10.5. Банк жеңүүчүлөргө Акциянын жыйынтыгы жана сыйлык тапшыруу аземинин датасы тууралуу түздөн-түз телефон аркылуу, жеңүүчү аныкталган учурдан тартып 10 күндүн ичинде маалымдайт.
10.6. Акциянын Катышуучусу байланыш маалыматын жана берилген маалыматтын тактыгына жооп берет.
10.7. Банк туура эмес көрсөтүлгөн реквизиттер, уюлдук жана стационардык байланыш операторлорунун түйүндөрүндөгү ар кандай бузулуулар үчүн жоопкерчилик тартпайт, бул жеңүүчүнү кеч кабарлоого алып келиши мүмкүн.
10.8. Эгерде Жеңүүчүнүн өзүнүн күнөөсү менен Акцияны жеңип алганы жөнүндө Катышуучуга билдирүүгө мүмкүн болбосо, ошондой эле Жеңүүчү Акциянын натыйжалары жөнүндө жеңүүчүгө билдирүү жөнөткөн жана жыйынтыгын Банктын веб-сайтында жайгаштырылган күндөн тартып 10 календардык күндүн ичинде келбей калган учурда, Акциянын кийинки Катышуучусу Жеңүүчү деп таанылат.
10.9. Шарттарга өзгөртүүлөр же толуктоолор киргизилген учурда же Акцияны токтотуу жөнүндө чечим кабыл алынган учурда Акциянын Катышуучулары бул тууралуу Банктын www.eldik.kg. корпоративдик веб-сайтында кулактандыруу жайгаштыруу менен кабарланат.

**9. <u>Байгелерди алуу шарттары:</u>**

9.1. Сыйлыктар жеңүүчүгө жеке өзүнө Банктын филиалдарында тапшыруу аземинде ыйгарылат.
9.2. Сыйлыктарды тапшыруу жүргүзүлөт :
9.3. Акциянын негизги этабынын аягында 2026-жылдын 20-майына чейин.

9.4. Акциянын жыйынтыгы боюнча Комиссия кабыл алган чечим бардык Катышуучулар үчүн акыркы болуп саналат жана даттанууга жатпайт.
9.5. Бул Эрежелер, ошондой эле аларга өзгөртүүлөр бекитилген учурдан тартып күчүнө кирет.
9.6. Бул Эрежелер, ошондой эле аларга өзгөртүүлөр Банктын www.eldik.kg веб-сайтында жайгаштырылат.